КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ
БАТКЕН ОБЛАСТЫ
ДЕПУТАТТАРДЫН СҮЛҮКТҮ ШААРДЫК
КЕНЕШИ

КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА
БАТКЕНСКАЯ ОБЛАСТЬ
СУЛЮКТИНСКИЙ ГОРОДСКОЙ
КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ

**Сүлүктү шаардык кеңешинин (жетинчи чакырылышы) кезексиз XXXXII сессиясы**

**Токтом № 195**

29 -август 2024-жыл — Сүлүктү шаары

**А. Кайымкулов атындагы №6 орто мектебинин базасындагы ачылган бала бакчанын чатырын жабуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 518 931 сом акча каражатын бөлүү жөнүндө**

Сүлүктү шаарынын мэриясынын 14.08.2024ж. 01-12/2165 чыгыш сандагы А. Кайымкулов атындагы №6 орто мектебинин базасындагы бала бакчанын чатырын жабуу үчүн жергиликтүү бюджеттин эсебинен 518 931 сом акча каражатын бөлүү боюнча каты жөнүндө Сүлүктү шаардык кеңешинин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясынын сунуштарын угуп жана талкуулап Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамынын 27, 34-беренесинин пунктунун негизинде Сүлүктү шаардык кеңеши

ТОКТОМ КЫЛАТ:

1.А. Кайымкулов атындагы №6 орто мектебинин базасындагы ачылган бала бакчанын чатырын жабуу үчүн Сүлүктү шаарынын мэриясынын алдындагы муниципалдык менчик мекемесинин 3111 беренесинен 518 931 сом акча каражатын бөлүп берүүгө макулдук берилсин

2. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы шаардык кеңештин "Бюджет, экономика, инвестиция жана ишкердикти өнүктүрүү" боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

Төрага: М.А. Кутбидинов